**Список использованной литературы:**

1. Ахманова О. С. Словарь лингвистических терминов - М., Советская энциклопедия, 1969.
2. Верещагин Е. М., Костомаров В. Г. Лингвострановедческая теория слова -М., Рус.яз., 1980.
3. Современный английский для Пед. ВУЗов /на англ.яз./ Берлин, 1980.
4. Швейцер А. Д. Современная социолингвистика. Теория, проблемы, методы - М.: Наука, 1977.

**Рецензент: к.ф.н., доцент Караханиди К. С.**

---

***Калчакеев К. Б.***

## ЭПОС ЖАНА БЫЛИНАЛАРДЫН СЮЖЕТТИК – КОМПОЗИЦИЯЛЫК ӨНҮГҮШҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Калчакеев К. Б.***

## НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ СЮЖЕТНО-КОМПОЗИЦИОННЫХ РАЗВИТИЙ ЭПОСА И БЫЛИН

***Kalchakeev K. B.***

## EPIC AND TALE OF TOPICAL-COMPOSITIONAL DEVELOPMENT OF SOME ISSUES

*УДК 82.091:82-131*

*Макалада “Манас” эпосунун сюжеттик – композициялык түзүлүшүнө арналган Ч. Валиханов, В. Радлов, М. Ауэзов, К. Рахматуллин, В. Жирмунскийлердин эпикалык жанрлардын сюжет, композиция багытындагы илимий көз караштарына кайрылып “Манас” эпосунун сюжеттик баяндоосун, варианттардын салыштырма ыкмалары анализге алынды.*

*Общаясь на научные взгляды в направлении сюжетной композиции этнических жанров Ч. Валиханова, В. Радлова, М. Ауэзова, К. Рахматуллина, В. Жирмунского посвещенные сюжетно – композиционному построению эпоса “Манас” были разобраны былины и другие эпические жанры.*

*Leaning on the scientific on topical composition of the epic genre of Ch.Valihanov, V. Radlov, M. Auezov, K. Rahmatulina, V. Jirmunskii which are devoted to the topicalcompositional construction of the epos “Manas” are investigated Russian epics and other epic genres.*

***Ключевые слова:*** *поэтика, сюжет, портрет, композиция, фольклор.*

***Колдонмо сөздөр:*** *поэтика, сюжет, портрет, композиция, фольклор.*

***Keywords:*** *poetics, portrait, plot, composition, folklore.*

Жомоктордогу салттуу башталыш дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда жалпы окшоштуктарга ээ. Мындай алып караганда (зачин) жомок башы орус былиналарындагы сюжеттин өнүгүшүндөгү окуянын чечилишин шарттайт. Былиналарда жомок башындагы окуянын чечилиши көп кезигет. Маселен Т. Г. Рябининанын жазып алуусундагы «Добрыня и Василий Казимиров» былинасы мындайча башталат, окуя айтылып бүткөндөн кийинки келе турган окуя экспозицияда берилип жатканын көрөбүз :

«А Владимир князь да стольне – киевской,

Заводил почестен пир дай пированьице» (1: 68).

Былиналардын сюжеттик–композициялык түзүлүшүндөгү жомок башындагы окуянын чечилишин баатырлардын чыгышы мотивинен көрөбүз.

Орус былиналарында көбүнчө жомок башындагы окуялардын чечилишинен кийин мотив аракеттин өнүгүшү функциясын колго алат. Былиналарда дагы бир белгилей кетчү нерсе сюжеттин өзгөчөлүгүн аныктоодо башкы каармандардын (баатырлардын) орду жана аткарган функциясы чоң. Ошондуктан, Д. С. Лихачов: «Былина развивается по принципу наибольшего выделения главного героя и поэтому действие былины концентрируется вокруг богатыря, его судьбы» - деп айтат., [4]. Чындыгында баатырлардын образдары кандайдыр бир дэңгээлде өзгөчөлүктөргө ээ.

Былиналардын кульминациясын башкы каармандын жеңишке жетиши же катуу салгылашуунун жүрүшүнөн көрөбүз. Эгерде жомоктордо башкы каармандын жеңишине жардамчы күчтөр чоң роль ойносо, былиналарда жеңишке башкы каарман жеке өзү эрдик аркылуу жетет.

Прозалык жана кошмо (ыр жана кара сөз) түрүндөгү архаикалык баяндамалар көбүнчө жана эң оболу мифологиялык мазмунга ээ, демек байыркы жомоктор баатырдык ырлар (поэмалар) мифологиялык мүнөзгө ээ. А. Н. Веселовский “Сюжеттер поэтикасы” маселесине келгенде да баарынан мурда, традициялуу сюжеттик схемалардын келип чыгышы, тематикалык жана композициялык формулалардын түзүлүшү сыяктуу проблемалар менен кызыгат, анан алардын адабий традицияга айланышы, акыры келип, кийин нечен жүздөгөн жылдар бою индивидуалдуу авторлор бул традицияга булак катарында кайрылышы мыйзам-ченемдүү көрүнүшкө өтөт. Адабий архетиптерди жана реминсенциянын поэтикасын изилдөө жагынан да А. Н. Веселовский XX кылымдын культурология жана адабият теориясынан кыйла алдыга оозуп кеткени талашсыз.

Сюжет проблемасын, тарыхый поэтиканын көз карашынан изилдеген А. Н. Веселовский «Сюжеттердин поэтикасы» [3:304-305-б.] деген эмгегинде окуялардын жүрүшүн, кыймылын – сюжет деп белгилеген.

Тарыхый синкретизм теориясы бүгүн да өз күчүндө, себеби ал өзүнүн илимий негизин азыр да короткон жок. Ырас ал замандын корректировкаларына, оңдоолоруна, толуктоолоруна зарыл экени талашсыз. Элдик каада-салтты искусствонун жана поэзиянын ар түрдүү түрлөрүнүн бешиги катарында мүнөздөө менен А. Н. Веселовский XX кылымда пайда болгон жана өтө кеңири тараган ритуализм теориясын алдын ала аныктап, белгилеп койгон.

Биз, орус элинин былиналарынын сюжеттик жана композициялык өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолгонубуздун себеби, бул проблема орус фольклористтеринин изилдөөлөрүндө

кеңири ачылып берилгендиги менен түшүндүрүлөт. Кыргыз фольклористикасында бул проблема ушул күнгө чейин кеңири изилдене электигин моюнга алышыбыз керек. Кыргыз эл эпосу бул көчмөн элдин көркөм ой туюму менен терең байланышкан чыгарма. Анын өзүнө гана тийиштүү сюжет куруу, окуяларды жайгаштыруу, портреттерди мүнөздөө, композициялык ыкмалары бар.

Ошондуктан биз ошол өзгөчөлүктөрдү ачып берүүгө аракет жасайбыз. Биринчи иретте, кыргыз фольклористикасында «Манас» эпосунун сюжетин жана композициясын терең илимий аспектиде караган, изилдеген окумуштуу В. Жирмунский болгон. Бул циклизация бүтүндөй улуу кыргыз элинин баатыры Манастын образы аркылуу тереңдеп өнүккөнүн көп кырдуу ачып берет. Көрүнүктүү окумуштуу В. Жирмунский Манастын эпикалык биографиясынан төмөнкү эпизоддорду белгилеп кетет:

1. Баатырдын төрөлүшү жана балалык чагы, үйлөнүшү, өлүшү.
2. Кыргыз кандары менен чоролордун өз ара пикир келишпестиктери, чыр-чатактары.
3. Көкөтөйдүн ашы – той аштардын сүрөттөлүшү.
4. Манастын жоортулдары.

Эпикалык чыгармалардын сюжети эпостогу окуяларды өрчүткөн эң бир маанилүү каражат болуп эсептелет. Сюжет айтуучунун ойун жыйынтыктап, анын идеялык эмоциялык чыгармасында көрсөткөн персонаждардын бири-бири менен болгон байланыштарын ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Сюжет – чыгарманын эң маанилүү формасы, стили. Сюжет – чыгарманын окуясын айтып берүү дегендик эмес (кээ бирөөлөр сюжетте чыгарманын окуясы айтылат деп түшүнүшөт).

Эпостун сюжетинде түзүлгөн бир жетектөөчү конфликт бүтүндөй чыгарманын тулку боюнан кызыл жип болуп өтүп ал чыгарманын чиеленишин, кульминациясын (окуянын жеткен чегин) жана окуянын чечилишин шарттайт. Сюжеттин ичиндеги анализ - анын функционалдык фабуласын ачууга мүмкүнчүлүк түзөт. Фабула – эпостогу композициянын жүрүшүн ачып берип, жетектөөчү милдетти аткарат. Мисалы: ал каармандардын портретин ачат, эпикалык чыгармалардагы айтуучунун индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө жардамдашат жана монолог-диологдордун түрлөрүн түзүүчү ыкмага жатат.

М. А. Ауэзов жогоруда сөз кылгандай “Манас” эпосуна арналган эмгегинде мазмун менен форманын негизги өзгөчөлүктөрүнө тактоо киргизүү менен бирге, эпостун композициясына тиешелүү каармандардын образдарын көркөм сөз каражаттарын көп кырдуу, ар тараптуу мүнөздөмөлөр менен ачып бергенин көрөбүз. “Манас” эпосунун сюжетинин түзүлүшү жөнүндө орус окумуштуусу В. В. Радловдун да айткандары өтө баалуу.

“Манас” эпосунун сюжетинин жана композициясынын түзүлүшү жөнүндө орустун көрүнүктүү окумуштуусу П. Фалев да маанилүү ой-пикирлерди айткан. Ал кыргыз эпосунун бет ачаар саптарындагы (зачин). “Жер, жер болгондо, Суу, суу болгондо” деген ыр саптарды Кул-Тегинге арналган руникалык жазмалардагы “Когда вверху возникло голубое небо, а внизу бурая земля” деген сүйлөмдөрдү жана ал тексттеги Кул-Тегиндин аскерин эскерткенде, эң биринчи, анын колу 17 адамдан турганын, кийин 70ке жеткенин, анан 700дөн ашкандыгы жөнүндөгү гиперболалык кайталоону “Манас” эпосунда көрсөтүлгөн ыр-саптар менен эпикалык стиль аркылуу салыштырып, руникалык жазуулардын башатын элдин оозеки өнөрүнөн издөө керек деген оюн айтат. Окумуштуу П. Фалев, кыргыз эпосунун

жаралышында, өнүгүшүндө диалог, монологдордун жыш кезиккендигин өзгөчө талдоого алат. Окумуштуунун бул баалуу пикири жогорудагы сюжет жөнүндөгү маселеде белгиленгендер эпостун сюжетиндеги жардамчы мотив катары кызмат кыларын бекемдейт [7].

“Манас” эпосунун сюжеттик өзгөчөлүктөрүнө кыргыздын көрүнүктүү окумуштуусу К.Рахматуллин да зор маани берген. Ал өзүнүн эмгегинде эпостун варианттарын салыштыруу аркылуу сюжеттин өнүгүү жолдорун ачып берүүгө аракеттенген.

Окумуштуу өзүнүн изилдөөсүн Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынын сюжеттик тутумун салыштырма методологиясы аркылуу ачууга аракеттенген. Сюжеттин өнүгүшүн изилдөөчү аталган варианттарда майда мотивдерге чейин салыштырып, алардын окшоштук окуялары менен өзгөчөлүктөрүнө (индивидуалдык) токтолот. Изилдөөдөгү материалдарда мифологиялык, фантастикалык мотивдердин ар бир вариантта кайсы сюжет менен байланышканын кеңири жомоктун жүрүшүн айтып берүүгө аракеттенгени көрүнүп турат, изилдөөчү ар бир варианттын тематикалык түзүлүшүн схема катары салыштырып карап Сагынбай менен Саякбайдын вариантындагы окшоштук сюжеттер, мотивдерди санап чыгат – аларга тарыхый катмарлардын чагылышын, баатырлардын сүрөттөлүшүн, согуш аракеттерди, турмуш-тиричиликтин чагылдырылышы жана жетектөөчү каармандардын сүрөттөлүштөрүн киргизет.

Эпостун сюжетинин өнүгүүсүндө эң бир жетектөөчү өзгөчөлүк, бул анын салттуулук (традициялык) көрүнүшү. Эпостун жаралышынын өзгөчөлүктөрү, анын өнүгүүсүндөгү болгон туруктуу салттуулук менен тыгыз байланышат, ошонун ичинде өнүгүп, өзгөрүүлөр менен чыгарманын эстетикасын жана мейкиндик көз карашын ачып берүү бул туруктуу ыкмага жатат. Ал эпостун жашашына көмөк түзгөн өзүнчө салттуу чөйрө, алар социалдык тарыхый маданий чөйрө жана этностун салттуу калыптанган жашоо чөйрөсү.

Салттуулук – бул өзүнчө бир калыптанып калган муундарды байланыштырган ыкма. Элдин жашоо шарты, маданияты, социалдык жашоосу ар дайым эле бир өлчөмдө жылбай катып турбайт, салттуулуктун ичинде өзүнчө өнүгүп, өскөн татаал процесстер да кезигүүгө мүмкүн. Ошондуктан салттуулук бул өзүнчө ар бир элдин эпосторунун өнүгүшүндө жолуккан спецификалык түрү. Бул өзүнчө түзүлгөн түр, ар бир элдин тарыхынан алынып түзүлгөнүн белгилейт.

Көрүнүктүү орус фольклористикасынын окумуштуусу Б.Н.Путилов биз жогоруда айткан пикирибизди өзүнүн изилдөөсүндө төмөнкүчө белгилейт: “Можно говорить о нескольких типах фольклорного процесса по отношению к традиции. В одних случаях фольклорные новообразования – новые жанры или жанровые разновидности, циклы, сюжеты, возникая в результате трансформации традиции, будучи по отношении к ней в позиции известного противостояния, при всей новизне не отмечяют существующих художественных систем, но поглащают их, не ломают, но становятся рядом с ними, как бы включаются в общую систему фольклора, оказываются продолжением традиции”.[7]

Бул жерде Б.Н.Путилов традициянын орус фольклорундагы ролун бүт орус фольклорунун жанрларындагы аткарган милдети жөнүндө сөз кылып жатат. Биз болсок ушул жыйынтыкка жакын өзүбүздүн фольклорубуздагы эпос жанрындагы салттуулуктун алган ордунда да, жогоруда келтирген орус окумуштуусунун жыйынтыгы менен бир типтүүлүк бар экенин айтып жатабыз.

Ушуга окшогон пикирди биз Гарвард университетинин профессору Альберт Лорддун “Сказитель” [5] деген монографиясында кезиктиребиз. Ал Югославияда жашаган эпос айтуучулардын чыгармачылыктарын кеңири изилдеп, төмөнкү пикирин билгизет: “Все сказители используют традиционный материал традиционным образом, однако не существует двух сказителей, которые использовали бы обсолютно идентичный материал, и притом совершенно одинаково. Традиция не кроится по одному и тому же шаблону. В эпической технике устного стихосложения можно различить индивидуальные стили. Значение этого абстоятельства для изучения песен Гомера очевидно. Нет сомнения в том, что правильно применяя знания при анализе югославского материала, мы сумеем когда-нибудь, с большой или меньшей степенью вероятности установить, принадлежат ли “Илиада” и “Одессея одному и тому же певцу”.

Бул жерде профессор Лорд А. Югославдык айтуучуларында салтка бирин-бирине окшобогон кээ бир темалардын өзүнчөлүк менен айтылгандарын изилдегендей грек эпосун изилдесек, анын эки бөлүгү бир эле айтуучу айтканбы, же болбосо эки башка аткаруучу аткарганы тууралуу окумуштуулардын дискуссиясын тактоого болот эле, - деп билгизет. Мындай изилдөөлөр ар бир аткаруучунун өзүмдүк вариацияларын тактоого мүмкүнчүлүк берери жөнүндө сөз болуп жатат.

Биз сюжет куруудагы вариацияларды манасчылардын тексттеринде кеңири жолугуучу система экенине токтолуп, төмөнкү жыйынтыкка келдик. Вариациялардын көбү эле жалпы фольклордук чыгармаларда кезикенинин өзү эле бул анын эстетикасы, закон-ченемдиги менен тыгыз айкалышкан маселе. Ушул өзгөчөлүк фольклордук чыгармада универсалдуу орунду ээлегенин айтуу керек, ал эпостун бүт көркөм дүйнөсүн камтып – ал сюжеттик элементтеринен тартып, көркөмдүк стилистикасынан бери өзүнө багынттырганын далилдеп турат.

Ошондуктан “Манас” эпосунун сюжетиндеги кеңири, же болбосо кыскача вариациялардын жолугушу – бул көрүнүш оозеки чыгарманын мыйзам-ченемдүү белгиси десек жаңылышпайбыз. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздү мүмкүн болушунча ушул теориялык багытындагы системада кароого аракет жасадык.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Ауэзов М.О. Отан тарыхы. Журнал, 2-январь, 2002-жыл.
2. Веселовский А.Н. Историческая поэтика. Москва. Высшая школа. 1989. 307-311-б.
3. Гильфердинг А.Ф. Олонецкая губерния и ее народные рапсоды Онежские былины, записанные А.Ф.Гильфердингом летом 1871 года, 4-е изд. М.: Л., 1949. Т. 2 с. 18
4. Лихачев Д.С. Поэтика древнерусской литературы Л. 1967 с. 237.
5. Лорд А. Сказитель. Издательство “Восточная литература”, Москва, 1994, 78с.
6. Путилов Б.Н. Методология сравнительно-исторического изучения фольклора. Издательство “Наука”, Ленинград, 1976, 184 стр.
7. Фалев П. Как строится кара-киргизская былина. В.сб: “Манас” героический эпос киргизского народа. Фрунзе. “Илим”. 1958.


**Рецензент: ф.и.д., профессор Бекбалаев А.А.**